сөзү-обон:

Ильяз АНДАШ, Аяна КАСЫМОВА,

# ДАРХАН - ҮЙ БҮЛӨДӨ ЖЫЛУУЛУК

с. Жылдызбек Турсунбаев
о.Бакыт Алишеров

-1-

Эгиз жүрөк бийик учса сабалап,
Экижарданбирүй бүлө жаралат.
Ортодогу ыйык туткан жашоосу,
Оттой ысык мамилеге таянат.

***КАЙЫРМА:***
***Жылуулук бул өмүрдө,***
***Жүрөктөргө дем берет.***
***Жылуулук үй бүлөгө,***
***Жарык сымал эң керек.***

***Ысык болсо сүйүүлөр,***
***Ырыскыга тең келет.***
***Ынак болуп көңүлдөр,***
***Ынтымакта термелет.***

-2-

Сезимдерге махабатты асырап,
Сый-урматта турмуш куруп бакубат.
Жылуу сүйлөп, колдоп дайым турушса,
Жүздөрүнөн бакыт нуру чачылат.

***КАЙЫРМА:***
***Жылуулук бул өмүрдө,***
***Жүрөктөргө дем берет.***
***Жылуулук үй бүлөгө,***
***Жарык сымал эң керек.***

***Ысык болсо сүйүүлөр,***
***Ырыскыга тең келет.***
***Ынак болуп көңүлдөр,***
***Ынтымакта термелет.***

-3-

Үмүт менен кол кармашкан кылымга.
Үй бүлө бул – куттуу уя чынында.
Тагдыр өзү суугунан сактасын,
Түгөйлөрдү тирүүлүктүн нугунда.

Кубат алып наристелер чоңойсун,
Көктөн тийген күндүн ысык нурунда.

***КАЙЫРМА:***
***Жылуулук бул өмүрдө,***
***Жүрөктөргө дем берет.***
***Жылуулук үй бүлөгө,***
***Жарык сымал эң керек.***

***Ысык болсо сүйүүлөр,***
***Ырыскыга тең келет.***
***Ынак болуп көңүлдөр,***
***Ынтымакта термелет.***